**5.5 Негизги кесиптик билим берүү программасын өздөштүрүү мөөнөтү**

Ушул билим берүү стандартына ылайык билим берүү программасын ишке ашырууда окутуунун бул чөйрөсүнүн алкагында орто кесиптик билим берүүдө төмөндөгү формада ээ болушу мүмкүн:

- күндүзгү;

060113 Физикалык терапия адистиги боюнча даярдоодо билим берүү программасынын жалпы эмгек сыйымдуулугу окутуунун формасына, колдонулган билим берүү технологияларына, студенттин жекече окуу планына карабастан 120 кредиттик бирдикти түзөт.

Күндүзгү окуу үчүн билим берүүнүн нормалдуу окуу мөөнөтү ОКБ билим берүү программасында мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестациядан өткөндөн кийин берилүүчү каникулдарды кошо алганда:

- жалпы орто билим берүүнүн базасында – 1жыл 10 ай.
- негизги жалпы билим берүүнүн базасында билим берүү программасын өздөштүрүүнүн белгиленген ченемдик мөөнөтү 1 (бир) жылга узартылат.

Студенттин жекече окуу планы боюнча билим берүү мөөнөтүнүн нормалары билим берүү уюмунун академиялык саясатынын жана окуу процессин уюштуруу боюнча ченемдик-актылык документтердин негизинде аныкталат.